"Бекитилди"
Кыргыз Республикасынын
Адвокатурасынын Адвокаттарыны
кезектеги үчүнчү съездинин чечими
менен 27 январь 2024-жылы

**Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Этика боюнча комиссиясы жөнүндө жобо**

## § 1. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Этика боюнча комиссиясы Адвокаттар кеңешине көз карандысыз Адвокатура органы болуп саналат "Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө" мыйзамдын, Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын уставынын, Адвокаттардын кесиптик этикасынын кодексинин, Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Адвокаттар кеңешинин токтомдорунун (чечимдеринин), Филиал (аймактык адвокатуранын) жөнүндө жобого ылайык Этика боюнча комиссияннын компетенциясына кирген кароо предмети адвокатка карата тартиптик жоопкерчилик чараларын колдонуу карата жеке жана/же юридикалык жактардын кайрылууларын, даттанууларын жана арыздарын, укук коргоо органдарынын токтомдорун, соттордун жана мамлекеттик органдардын жеке тотктомдорун (аныктамаларын), Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын аймактык адвокатураларынын, Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Адвокаттар кңешинин чечимдерин, Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын алдындагы Окуу борборунун кайрылууларын (мындан ары текст боюнча Кайрылуулар) кароо боюнча коллегиалдуу органы болуп саналат.

2. Этика боюнча комиссия 7 кишиден туруп, үч жылдык мөөнөткө түзүлөт: Адвокатура өкүлдөрүнөн беш жана Кыргыз Республикасынын Юстиция минстрлигинен 2 өкүл.

Этика боюнча комиссияннын ыйгарым укуктары Этика боюнча комиссияннын жаңы курамы шайланганга чейин сакталат. Мында адвокат - комиссиянын мүчөсүнүн адвокаттык стажы беш жылдан кем болбошу керек. Этика боюнча комиссия өз курамынын ичинен жашыруун добуш берүү аркылуу Комиссиянын мүчөлөрүнүн жалпы санынын көпчүлүк добушу менен төраганы жана анын орун басарын үч жылдык мөөнөткө шайланат. Этика боюнча комиссияннын төрагасынын жана төраганын орун басарынын ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган учурда Этика боюнча комиссияннын мүчөлөрү калган мөөнөткө Этика боюнча комиссияннын мүчөлөрүнүн ичинен буларды шайлашат.

3. Этика боюнча комиссия түзүлгөнгө чейин келип түшкөн даттануулар Комиссиянын биринчи отурумунун күнү менен катталууга жатат, ал эми катталып карала элек даттануулар Этика боюнча комиссияда кайра катталууга тийиш.

4. Мыйзам менен корголуучу адвокаттык, коммерциялык маалыматтардын жана башка билдирүүлөрдүн купуялуулугу сакталган шартта кайрылган адамдын Кайрылууларын кароо ишке ашырылат.

5. Этика боюнча комиссиянын ишине мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарынын, саясий партиялардын, коомдук бирикмелердин, уюмдардын жана алардын кызмат адамдарынын, ошондой эле айрым адамдардын жана алардын топторунун кийлигишүүсүнө жол берилбейт.

## § 2. Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Этика боюнча комиссиясынын компетенциясы жана жоопкерчилиги

1. Этика боюнча комиссия:

1.1. Кайрылууларды текшерүүнү уюштурат;

1.2. адвокатка карата келген Кайрылуулар, ага тиркелген документтер менен аны тааныштыруу, ошондой эле андан түшүнүк кат алуу боюнча чаралар көрөт, адвокат, ошондой эле Кайрылуу беришкен адамдар тарабынан, анын ичинде аймактык органдар аркылуу берилген иш жүзүндөгү бардык маалыматтарды, далилдерди текшерүү үчүн кабыл алат;

1.3. Кайрылууларды текшерүүгө тиешелүү бардык зарыл материалдарды мамлекеттик органдардан, жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарынан, менчиктин түрүнө карабастан бардык уюмдардан талап кылууга укуктуу;

1.4. toktom менен тартиптик өндүрүштү козгойт;

1.5. токтом менен тартиптик өндүрүштү козгоодон баш тартат;

1.6. тартиптик өндүрүштү кароонун натыйжалары боюнча жүйөөлүү чечим кабыл алат;

1.7. адвокаттарды жана алардын жардамчыларын окутуунун жана кесиптик даярдоонун типтүү методикасынын жана алардын квалификациясын жогорулатуунун программаларын бекитүү боюнча сунуштарды Адвокаттар кеңешине киргизет.

1.8. Этика боюнча комиссиясынын ишине байланыштуу башка маселелер боюнча чечимдерди кабыл алат.

## § 3. Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Этика боюнча комиссиясынын отуруму

1. Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Этика боюнча комиссиясынын отуруму Комиссиянын мүчөлөрүнүн жалпы санынан жарымынан көбү катышканда укукту деп эсептелет.

2. Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Этика боюнча комиссиясынын отуруму төмөнкү учурларда видеоконференция режиминде техникалык каражаттарды колднуу менен өткөрүлүшү мүмкүн: жеңүүгө мүмкүн болбогон жагдайлар жаралганда (форс-мажор), андай жагдайларга булар таандык: массалык оорулар (эпидемиялар), табигый кырсыктар (жер титирөө, суу ташкыны, ураган), өрт, иш таштоолор, аскердик аракеттер, террордук актылар, диверсиялар, ташууларды чектөөлөр жана объективдүү себептер боюнча комиссиянын мүчөлөрү катышууга мүмкүн болбогон башка учулар. Бул жөнүндө комиссиянын отурумунун протоколунда белгиленет.

3. Этика боюнча комиссиясынын отурумун төрага жүргүзөт. Этика боюнча комиссиясынын төрагасы болбогон учурда анын ишин орун басар аткарат, орун басар да жок болгондо Этика боюнча комиссиясынын мүчөлөрүнүн катышып жаткандарынын ичинен көпчүлүк добуш менен Этика боюнча комиссиянын отурумуна төрагалык кылуучу шайланат.

4. Этика боюнча комиссиясынын отуруму төрагалык кылуучунун отурумду ачуусу жана уюштуруу мүнөзүндөгү маселелерди кароосу менен башталат. Андан ары Комиссиянын мүчөсү-доклад жасоочу каралуучу иштердин маанисин түшүндүрөт, негизи боюнча чечимдерди кабыл алуу үчүн керектүү башка маалыматтарды билдирет.

5. Отурум мамлекеттик же расмий тилдерде жүргүзүлөт.

6. Этика боюнча комиссиясынын мүчөсү жеке кызыкчылыгына, тартиптик өндүрүштү кароого катышып жаткан адамдар менен туугандык байланышы бар экендигине байланыштуу өзүн өзү четтетүүнү билдирүүгө укуктуу.

7. Арыз берген тарап же болбосо Кайрылуу ага келген адвокат Этика боюнча комиссиясынын мүчөлөрүнүн кимдир бирөөсүнө карата четтетүү жөнүндө негизделген арыз менен кайрылууга укуктуу. Этика боюнча комиссиясынын мүчөлөрү добуш берүүнүн жөнөкөй көпчүлүк добушу менен кеңешүү бөлмөсүндө четтетүү жөнүндө чечим кабыл алышат.

8. Тартиптик өндүрүштү кароонун тартибин Этика боюнча комиссиясынын катчысы белгилейт.

9. Этика боюнча комиссиясынын катчысын Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Адвокаттар кеңешинин төрагасы дайындайт жана бошотот.

Комиссиянын катчысы:

9.1. Этика боюнча комиссиясынын иш кагаздарын жүргүзөт;

9.2. Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын кириш каттарын журналга милдеттүү каттоо менен Этика боюнча комиссиясынын иш кагаздарынын журналына Кайрылууларды кабыл алат жана каттайт;

9.3. Келген Кайрылуулар боюнча кызыкдар тараптардын бардыгына билдирет;

9.4. Комиссиянын отурумдары жөнүндө Этика боюнча комиссиясынын мүчөлөрүнө билдирет;

9.5. Этика боюнча комиссиясынын отурумунун протоколун жүргүзөт;

9.6. тартиптик өндүрүштүн материалдарын Кыргыз Республикасынын Адвокатурасына сактоого тапшырат;

9.7. тартиптик өндүрүш боюнча электрондук маалымат базасын жүргүзөт;

9.8. Этика боюнча комиссиясынын төрагасынын факсимиле жасалган кол тамгасын пайдаланууга укуктуу, төмөнкү учурларда:

* Этика боюнча комиссиясынын төрагасы жок учурда;
* документтерди тариздөөнү тездетүү керек болгондо;
* комиссиянын төрагасынын өздүк кол тамгасы керек болгон документтер көп 9.3. Келген Кайрылуулар боюнча кызыкдар тараптардын бардыгына жыйналып калганда.

9.9. Комиссиянын документ жүгүртүүсү менен байланышкан башка зарыл аракеттерди жүргүзөт.

10. Этика боюнча комиссиясынын төрагасы:

10.1. “Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө” КР мыйзамына, Этика боюнча комиссия жөнүндө жобого ылайык Этика боюнча комиссиянын отурумун жүргүзөт;

10.2. каралып жаткан маселелер боюнча сунуштарды добушка коёт;

10.3. добуштар жөнүндө жарыялайт жана анын жыйынтыктарын угузат;

10.4. отурумдарда . Этика боюнча комиссиянын мүчөлөрү, ошондой эле чакырылган адамдар жүрү-турумдун этикалык ченемдерин сактоого жана . Этика боюнча комиссиянын төрагасынын талаптарын аткарууга мидеттүү;

10.5. Этика боюнча комиссиясынын отрумунда, залында тартип бузуучуларга карата акт түзүү менен андан ары тиешелүү органдарга кайрылып чара көрөт.

11. Төрага жок болгондо анын милдетин Төраганын орун басары аткарат.

## § 4. Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Этика боюнча комиссиясынын Кайрылууларды кароосунун тартиби жана мөөнөттөрү

1. Этика боюнча комиссия келген Кайрылуулар боюнча чыгарат:

1.1. Чечим, анда тартиптик жоруктун адвокаттын аракеттеринде бар экендигинин же жок экендигинин фактылары көрсөтүлөт.

Тартиптик жоруктун адвокаттын аракеттеринде бар болгон учурда Этика боюнча комиссия адвокатка карата төмөнкүдөй тартиптик жоопкерчилик чараларын колдонот:

*Эскертүү;

*Сөгүш.

Этика боюнча комиссия Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине лицензияны токтото туруу же лицензиядан ажыратуу жөнүндө сунуш киргизүүгө укуктуу.

1.2. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине лицензиянын колдонулушун токтото туруу же ажыратуу жөнүндө сунуштама киргизүү адвокаттардын кесиптик этикасынын ченемдерин кайталап же одоно бузуулар табылган учурларда кабыл алынат.

1.3. Ушул Жобону колдонуу тиешелүү түрдө тариздселген бардык Кайрылууларга жайылтылат, төмөнкүлөрдү кошпогондо:

1) кылмыш жана жарандык сот өндүрүшүнүн, административдик укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча өндүрүшүнүн тартибинде каралып жаткан же каралган Кайрылуулар;

2) ошол эле предмет жана ошол эле негиздер боюнча Этика боюнча комиссиянын чечими бар Кайрылуулар.

2. Кайрылууларга карата коюлуучу талаптар:

2.1. Кайрылуу Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Этика боюнча комиссиясынын аталышы, арыз берүүчүнүн аты-жөнү (бар болсо) же юридикалык жактын аталышы, өкүлдүн аты-жөнү, арыз берүүчүнүн жашаган жери же юридикалык жактын турган жери, байланыш телефон (иштеген) номуру, кайрылуунун маңызы, арыз берүүчүнүн, өкүлдүн кол тамгасы жана Кайрылуунун кол тамга коюлган датасы милдеттүү түрдө көрсөтүлүп, кат жүзүндө тариздселүүгө тийиш. Укук корго органдарынын токтомдору, соттордун жеке аныктамалары, мамлекеттик огандардын сунуштары, Адвокаттар кеңешинин, аймактык адвокатуралардын жана Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын алдындагы Окуу борборунун кайрылуулары бул органдарда кабыл алынган түрдө Этика боюнча комиссияга жиберилет.

2.2. кайрылуу негидүү болууга тийиш, ага Кайрылууда баяндалган документтер жана жүйөөлөрдү бышыктоочу далилдер тиркелет. Адвокаттарга карата финансы дооматарына байланышкан кайрылуулар боюнча арыз берүүчү бышыктоочу документтердин көчүрмөсүн тиркөөсү керек (келишим/макулдашуу, акы төлөө жөнүндө квитанция же болбосо акча каражаттарын алгандыгы тууралуу тил кат, соттук отурумдун протоколунун көчүрмөсү ж.б.)

Финансы дооматарына байланышкан кайрылуулар адвокаттын кесиптик этикасына тийиштүү бөлүгүндө гана каралат.

2.3. Ушул талаптарга жооп бербеген кайрылуулар каралбастан арыз берүүчүгө кайтарылат. Баяндамачы материалдар менен Кайрылууну кайтаруу жөнүндө билдирүүнү түзөт жана арыз берүүчүгө жиберүү үчүн Этика боюнча комиссиянын катчысына берет. Арыз берүүчүнүн жүйөөлөрүн бышыктоочу документтерди чогултхандан жана тиркегенден кийин арыз берүүчү Этика боюнча комиссияга кайрадан кайрылууга укуктуу.

3. Кайрылууларды алдын ала текшерүүнүн тартиби.

3.1. Кайрылууларды алдын ала текшерүү учурунда Баяндамачы Кайрылуунун ушул Жободо көрсөтүлгөн талаптарына ылайык келүүсүн текшерет.

3.2. Докладчы төмөнкү аракеттерди ишке ашырат:

1) Кайрылуу ушул Жобонун талаптарына ылайык келбеген, адвокат Кайрылуу берген адам менен жарашкан же арыз берүүчүнүн кайрылууну, укук коргоо органдарынын токтомдорун, соттун жеке токтомун (аныктоосун) артка кайтарган же мыйзамдарда каралган тартипте алар жокко чыгарылган учурда докладчы Кайрылууну материалдары менен кайтаруу жөнүндө билдирүү түзөт жана Этика боюнча комиссиянын төрагасынын кол тамгасын койдуруу жана арыз берүүчүгө жана адвокатка жиберүү үчүн Этика боюнча комиссиянын катчысына берет;

2) Этика боюнча Комиссия адвокаттын, адвокаттык формасында түзүлгөн жетекчисинин, ошондой эле алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн өмүрүнө, ден соолугуна жана мүлкүнө адепсиз же кемсинткен коркутууларды камтыган жазуу жүзүндөгү кечиримди алганда жана аракетке жөндөмсүз адамдан алган кечиримдүүлүгү кайрылууну маңызы боюнча кароосуз калтырууга укуктуу. Баяндамачы добуш берүүгө билдирүү киргизет-кайрылууну маңызы боюнча кароосуз калтырууну.

3) Эгерде кат жүзүндөгү Кайрылуу окуй албагандай текст менен түзүлсө, Кайрылуу каралбастан арыз берүүчүгө кайтарылат, ал жөнүндө кайрылуу жөнөткөн адамга билдирилет. Мында Кайрылууну тиешелүү тариздөө менен Этика боюнча комиссияга кайталап кайрылса болору жөнүндө анын укугу арыз берүүчүгө түшүндүрүлөт;

4) Эгерде Кайрылуу мурда ошол эле жагдайлар боюнча Этика боюнча комиссиянын кароосунда каралса, бирок Кайрылууда жаңы жүйөөлөр жана жагдайлар келтирилбесе, ал Этика боюнча комиссиянын мурда кабыл алган чечими көрсөтүлүп, каралбастан кайтарылууга жатат.

5) Келген Кайрылуу бонча материалдар алынгандан кийин тартиптик өндүрүштү козгоо жөнүндө же тартиптик өндүрүштү козгоодон баш тартуу тууралу кат жүзүндөгү өтүнүчтү Этика боюнча комиссиянын кароосуна алып чыгат.

Кайрылууну Баяндамачынын текшерүү мөөнөтү бир айдан ашпоого тийиш. Бул мөөнөт өзгөчө учурларда баяндамачынын арызынын негизинде эки айга чейинки мөөнөткө Төрага тарабынан узартылышы мүмкүн.

3.3. Эгерде Кайрылуу аймактык адвокатурага келсе, анада аймактык адвокатура алган учурдан 3 (үч) жумушчу күндүн ичинде келген Кайрылууну ага тиркелген материалдар менен Этика боюнча комиссияга жиберет.

3.4. Өзүнө карата текшерүү жүрүп жаткан адвокат ага карата келген Кайрылуу келгендиги тууралу билдирүүнү алган күндөн тартып жети жумушчу күндүн ичинде кат жүзүндөгү түшүндүрмөнү, ошондой эле бардык талап кылынган материалдарды Этика боюнча комиссияга берүүгө милдеттүү. Адвокат адвокаттык купуялуулукка таянып, көрсөтүлгөн түшүндүрмөнү жана материалдарды берүүдөн баш тартууга укуксуз. Адвокатка карата келген Кайрылуу жөнүндө билдирүү телефондук байланыш, почта же болбосо электрондук почта аркылуу жүргүзүлөт.

4. Тартиптик өндүрүш

4.1. Тартиптик өндүрүш – бул тартиптик жоруктарды жасоого күнөөлүү адвокаттарды тартиптик жоопкерчиликке тартууга багытталган Этика боюнча комиссиянын иши.

4.2. Тартиптик өндүрүштү кароонун предмети болуп адвокаттын аракети саналат, алар адвокаттын абийирин, аброюн жана иштеги репутациясын бузушуна, кесиптин престижин жана Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын баркын кемсинткен адвокаттык ишмердигин ишке ашыруудагы татыксыз жүрүм-турум фактылары, кесиптик милдеттерин же болбосо Адвокаттар кеңешинин чечимдерин адвокаттын тиешелүү аткарбагандыгы үчүн.

4.3. Баяндамачынын кат жүзүндө түшкөн өтүнүчү боюнча Этика боюнча комиссия тартиптик өндүрүштү козгоо жөнүндө же болбосо тартиптик өндүрүштү козгоодон баш тартуу тууралу токтом чыгарат. Этика боюнча комиссиянын токтомундагы тыянактарга же анын айрым жоболоруна макул болбогон Этика боюнча комиссиянын мүчөсү өз пикирин кат жүзүндө баяндайт, ал токтомго тиркелет. Тартиптик өндүрүштү козгоо жөнүндө токтом жана Тартиптик өндүрүштү козгоодон баш тартуу тууралу токтом сотто даттанууга жатпайт, анткени ортодогу процедуралык документ болуп саналат жана негизи боюнча Кайрылууну чечпейт.

4.4. Тартиптик өндүрүштү козгоодон баш тартуу тууралу токтом төмөнкү учурларда чыгарылат:

a) тартиптик жорук жасалган учурдан тартыпалты ай өткөндө;

b) тартиптик жоруктун белгилери болбогондо;

c) адвокаттык ишмердикти жүгүзүү менен байланышпаганда.

Тартиптик өндүрүштү козгоодон баш тартуу тууралу токтом арыз берүүчүгө жана анын аракетине карата Кайрылуу берилген адвокатка жиберилет.

4.5. Тартиптик өндүрүш козголгондон кийин ал кароого даярдалыш үчүн Баяндамачыгы кайра берилет.

4.6. Кайрылууну кароого жоопкер Баяндамачы алмаштыруу ооруп калган учурда, кызматтык иш сапарда болгондо, ошондой эле Баяндамачы болуп саналган Этика боюнча комиссиянын мүчөсүн четтетүү же өзүн өзү четтетүү канааттандырылганда мүмкүн.

Баяндамачы:

1) алдын ала текшерүүнүн жүрүшүндө чогултулган материалдарды иликтейт

2) Этика боюнча комиссиянын катчысы аркылуу Кайрылуу берген адамды, тартиптик өндүрүш козголгон адвокатты жана ушул тартиптик өндүрүшкө тиешелүү башка адамдарды Комиссиянын отурумуна сөзсүз чакырат; алардан кат жүзүндө түшүнүктөрдү жана документтерди алат, алар тартиптик өндүрүштүн материалдарына тиркелет.

5. Тартиптик өндүрүштүн процедурасы

5.1. Тартиптик өндүрүштү козгоо үчүн себептер жана негиздер:

Тартиптик өндүрүштү козгоо үчүн себептер катары төмөнкүлөр саналат:

a) жеке жана юридикалык жактардын даттануулары (арыздары);

b) соттордун кайрылуулары (аныктамалары);

c) ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын токтомдоу, сунуштары же болбосо кайрылуулары;

d) Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Адвокаттар кеңешинин чечими;

e) Кыргыз Республикасынын аймактык Адвокатурасынын чечими (арызы).

5.2. Тартиптик өндүрүштү козгоо үчүн негиз болуп тартиптик жоруктун, анын ичинде адвокат ишеним кат менен ишмердигин жүргүзгөндө байкалган белгилерин көрсөтүүчү жетиштүү маалыматтардын болгондугу эсептелет. Адвокаттын кесиптик ишин жүргүзүү жана адвокаттын кесиптик этикасын бузуу менен байланышпаган Кайрылуулар тартиптик өндүрүштү козгоо үчүн жол берилген себеп болу саналбайт.

5.3. "Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө" мыйзамдын, Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын уставынын, Адвокаттардын кесиптик этикасынын кодексинин, Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Адвокаттар кеңешинин токтомдорунун (чечимдеринин), Филиал (аймактык адвокатуранын) жөнүндө жобонун чечимдери бузулгандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Этика боюнча комиссиясы тарабынан Тартиптик өндүрүш козголушу мүмкүн.

5.4. Этика боюнча комиссиянын Кайрылууларды текшерүү , тартиптик өндурүштүн козголгон материалдарын кошо текшрүү мөөнөтү адвокаттын ооруган мезгилин, анын өргүүдө, узак иш сапарда болуусун, ага карата берилген Кайрылууга байланышпаган себептер боюнча өлкөдөн сыртта жүрүүсүн, же конституциялык, кылмыштык, жарандык, административдик өндүрүштү же жоруктар жөнүндө өндүрүштү эсепке албаганда, алар келип түшкөн учурдан тартып бир айдан ашпоого тийиш, мындай учурларда тартиптик өндүрүш жөнүндө иш токтотууга негиз болгон жагдайлар кеткенге чейин токтотулууга жатат.

5.5. Тартиптик өндүрүш төмөнкү негиздер боюнча токтотулат:

a) адвокаттын ооруп калуусу бышыктаган документтер болгондо;

d) анын өргүүдө болуусу бышыктаган документтер болгондо;

c) узак иш сапарда болуусу бышыктаган документтер болгондо;

d) ишти сотто же тартиптик өндүрүштүн предметине тиешелүү башка мамлекеттик органдарда караганда.

5.6. Этика боюнча комиссиянын кароосуна тартиптик өндүрүштү даярдоодо Баяндамачы:

а) зарыл болгондо Кайрылуу берген адам, тартиптик өндүрүш козголгон адвокат жана бул тартиптик өндүрүшкө тиешеси бар башеа адамдар менен жолугушат; алардан кат жүзүндөгү түшүндүрүүлөр менен документтерди алат, аларды тартиптик өндүрүштүн материалдарына тиркейт;

d) зарыл болгондо кандайдыр-бир өлчөмдө башка жарандардын укугун козгобогон жана “Мамлекеттик сырларды, коммерциялык жана мыйзам менен корголуучу купуялуулукту коргоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамына карама-каршы келбеген текшерүү предметине тиешелүү сотко чейикни жана соттук өндүрүш материалдары менен таанышат;.

5.7. Этика боюнча комиссия Баяндамачы берген тартиптик өндүрүшүн материалдарын өз отурумунда карайт.

5.8. Этика боюнча комиссиянын отуруму тартиптик өндүрүш козголгон адвокаттын катышуусунда өткөрүлөт. Этика боюнча комиссиянын отурумуна Кайрылуу берген адам же анын ыйгарым укугу тиешелүү түрдө таризделген ишенимдүү өкүлү катышууга укутуу. Этика боюнча комиссиянын отурумунун убактысы жана орду тиешелүү түрдө кабарланган отурумуна адвокаттын жана/же Кайрылуу берген адамдын келбей калышы негизи боюнча тартиптик өндүрүштү кароого жолтоо болбойт

5.9. Тартиптик өндүрүш козголгон адвокат да, ага карата Кайрылуу берген адам да өзүлөрүнүн талаптары менен каршы чыгууларынын негизи катары карманышкан жагдайларды далилдөөлөрү керек.

5.10. Кароонун жыйынтыктары боюнча Этика боюнча комиссия төмөнкү чечимдердин бирин кабыл алат:

1) тартиптик жоруктун курамынын жоктугунун негизинде тартиптик өндүрүштү токтотуу жөнүндө;

2) Этика боюнча комиссиянын териштирүүсүнүн жүрүшүндө табылган тартиптик жоопкерчиликке тартуунун мөөнөтүнүн өткөндүгүнө байланыштуу тартиптик өндүрүштү токтотуу жөнүндө;

3) арыз берүүчүнүн жана адвокаттын жарашуусунун же болбосо атвокатка карата арыз берүүчүнүн өз арызын артка кайтаруусунун натыйжасында тартиптик өндүрүштү токтотуу жөнүндө;

4) кетирилген тартипти адвокатка көрсөтүү менен адвокат жасаган жоруктун анча маанилүү эместигининин натыйжасында тартиптик өндүрүштү токтотуу жөнүндө;

5) эскертүү, сөгүш берүү же уруксаттамасын колдонууну токтотуу же алып салуу тууралу ЮМга сунуш берүү.

5.11. Эскертүү же сөгүш берилгенде жасалган жоруктун оордугу, анын кесепети, кандайча, канча жолу жасалган жагдайлар эске алынууга тийиш.

5.12. Лицензияны колдонууну токтотуу же алып салуу тууралу ЮМне сунуш берүү төмөнкү учурларда гана колдонулат:

1) Адвокаттардын кесиптик этикасынын кодексинин ченемдерин адвокат бузганда;

2) Адвокатуранын уставында белгиленген мөөнөттөрдө мүчөлүк төгүүлөрдү төлөбөгөндө;

3) "Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамында белгиленген учурларда лицензияны колдонууну токтотуу же жоюу тууралу арызды бир ай ичинде адвокат бербегенде;

5.13. Лицензияны колдонууну жоюу тууралу ЮМга сунуш берүү төмөнкү учурларда гана колдонулат:

1) адвокатка карата соттун айыптоо өкүмү мыйзамдуу күчүнө киргенде;

2) Адвокаттардын кесиптик этикасынын кодексинин ченемдерин адвокат экинчи ирет бузганда;

3) ушул Мыйзамдын ченемдерине же болбосо Адвокатура уставына ылайык квалификациясын жогорулатпаганда, лицензиясын колдонуу токтотулган учурду кошпогондо;

4) "Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык ишмердик жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамыннын ченемдерин адвокат бузганда.

5.14. Этика боюнча комиссия Кайрылууда көрсөтүлгөн жоуктун алкагынан чыга албайт.

5.15. Кайрылууну артка кайтарууга, соттун жеке токтомун (аныктамсын) жокко чыгарууга же болбосо адвокат менен Кайрылуу берген адамдын жарашуусуна байланыштуу тартиптик өндүрүштү•токтотууга адвокатка карата тартиптик таасир көрсөтүү чараларын колдонуу тууралу чечимди Этика боюнча комиссиясы кабыл алганга чейинки бардык стадияда жол берилет.

5.16. Этика боюнча комиссиясынын көчүрмөсү адвокатка жана Кайрылуу берген адамга чечим чыккан учурдан тартып бир айдан кечиктирилбей жиберилет.

**§ 5. Даттануунун тартиби**

1. Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Этика боюнча комиссиясынын чечими акыркы болуп саналат жана аны алган күндөн тартып бир айдын ичинде сотко даттанылышы мүмкүн.

2. Этика боюнча комиссиясынын чечими Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте сотто даттанылат.

3. Эгерде жаза берилген учурдан тартып алты айдан көбүрөөк өтсө, анын ичинде ал тартиптик жоопкерчиликке тартылбаса, адвокаттын тартиптик жазасы жок деп эсептелинет.

**§ 6. Өзгөчө жоболор**

1. Мүчөлүк төгүүлөрүн төлөбөгөндүк жөнүндө аймактык адвокатуралардын кайрылуусу жөнөкөйлөтүлгөн тартипте Этика боюнча комиссиясында каралат.

2. Мындай категориядагы Кайрылууларды Этика боюнча комиссиясында кароонун жөнөкөйлөтүлгөн тартиби кат жүзүндөгү түшүндүрүүсүз эле жана Этика боюнча комиссиясында адвокаттын катышуусуз эле кайрылуу каралат дегенди түшүндүрөт.

3. Аймактык адвокатура Аймактык адвокатуранын башкармалыгынын отурумунда бекитилген протоколго ылайык көрсөтүлгөн адвокаттардын лицензиясын колдонууну токтотуу суранычы менен адвокаттардын мүчөлүк төгүмдөрүн төлөбөгөндүгү үчүн өз Кайрылуусун жиберет. Көрсөтулгөн кайрылууга мүчөлүк төгүмдөрүн төлөбөгөндүгү боюнча адвокаттын карызынын өлчөмү тууралу Аймактык адвокатуранын бухгалтериясынын маалыматы тиркелүүгө тийиш.

## § 7. Корутунду жоболор

1. Тартиптик өндүрүштүн материалдары Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Этика боюнча комиссиясынын архивинде үч жыл сакталат.
2. Көрсөтүлгөн мөөнөт аяктаганда бардык материалдар Этика боюнча комиссиясынын бардык мүчөлөрүнүн катышуусунда документтерди жок кылуу актысы боюнча Этика боюнча комиссиясынын чечими менен жок кылынат.
3. Документтерди жок кылганга чейин Этика боюнча комиссиясы жок кылуу мезгилинде тартиптик практиканы жалпылаштырат.
4. Бул Жобо Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Адвокаттарынын съездинде бекитилген учурдан тартып күчүнө кирет.
5. Ушул Жобого өзгөртүүлөрдү киргизүү Этика боюнча комиссиясынын же Адвокатуранын мүчөлөрүнүн беш пайыздан кем эмесинин сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Адвокаттарынын съездинде бекитилет.
6. Ушул Жобонун ченемдери “Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык ишмердик жөнүндө” мыйзамдын, Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын уставынын, Адвокаттардын кесиптик этикасынын кодексинин ченемдерине туура келбеген учурда Этика боюнча комиссия ушул Жободо белгиленген тартипте мындай ылайык келбөөлөрдү жоюуга чараларды көрөт.

Адвокаттар кеңешинин төраыймы Бекидерова М.А.

**Всего прошито, пронумеровано и скреплено печатью**

11 (одиннадцать) листов

цифрами прописью

Должность председатель

Подпись ______ / ______ /

« 17 » апреля 20 24 г. М. П.